| | |
|---|---|
| «ФИНКА Банк» ЖАК Башкармасынын 2026-жылдын 02-июндагы №028/2026 чечими менен 2026-жылдын 04-июндан тартып ишке киргизилген<br><br>**<u>Кредиттик келишимдин №1 тиркемеси</u>** | Введен в действие с «04» июня 2026 г. Решением Правления ЗАО «ФИНКА Банк» №028/2026 от «02» июня 2026 г.<br><br>**<u>Приложение №1 к Кредитному договору</u>** |
| Бул №1 Тиркеме Насыя алуучу менен Банктын ортосунда түзүлгөн Кредиттик келишимдин (мындан ары - Келишим) ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Тараптар Кредиттик келишимге кол койгондо, Насыя алуучу ушул Тиркемеге бүтүндөй жана толук кошулат. Насыя алуучу аны кунт коюп окуп чыгышы керек. | Настоящее Приложение №1 являются неотъемлемой частью Кредитного договора (далее: Договор), заключенного между Заемщиком и Банком. При подписании Сторонами Кредитного договора, Заемщик целиком и полностью присоединяется к настоящему Приложению. Заемщику необходимо внимательно ознакомиться с ним. |
| **1. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР** | **1. ОБЩИЕ ПОЛОЖЕНИЯ** |
| 1.1. Банк Насыя алуучуга Кредиттик келишимде көрсөтүлгөн өлчөмдө жана шарттарда насыя берет, ал эми Насыя алуучу аны өз максаты | 1.1. Банк предоставляет Заемщику кредит в сумме и на условиях, указанных в Кредитном договоре, а Заемщик обязуется использовать его по целевому |

| | |
|---|---|
| боюнча пайдаланууга, Банкка кайтарып берүүгө жана келишимдин шарттарына ылайык, насыяны пайдалангандыгы үчүн пайыздарды төлөөгө милдеттенет. | назначению, возвратить его Банку и уплатить за пользование кредитом проценты, в соответствии с условиями договора. |
| **2. КРЕДИТТИК ЛИНИЯ ЖАНА КАЙРА КАРЖЫЛОО ШАРТТАРЫ (эгерде бар болсо)** | **2. УСЛОВИЯ ПО КРЕДИТНОЙ ЛИНИИ И РЕФИНАНСИРОВАНИЮ (при их наличии)** |
| 2.1. Эгерде насыя Кредиттик линиянын Келишиминин алкагында берилсе, анда анын номери жана күнү 2.8-пунктунда көрсөтүлөт. Бул учурда келишим Кредиттик линия Макулдашуусунун ажырагыс бөлүгү болуп саналат. | 2.1. Если кредит по Договору выдается в рамках Соглашения о кредитной линии, то его номер и дата указывается в п. 2.8. договора. В этом случае, договор будет являться неотъемлемой частью Соглашения о кредитной линии. |
| 2.2. Эгерде келишим боюнча насыя кайра каржылоо максатында, башкача айтканда, башка финансы-кредиттик мекемеде болгон насыяны төлөө үчүн берилсе, насыя бир же бир нече транш менен берилет. | 2.2. Если кредит по договору выдается в целях рефинансирования, то есть для погашения существующего кредита в другом финансово-кредитном учреждении, кредит выдается одним или несколькими траншами. |
| 2.2.1. Мында алынган ар бир транштын суммасы, алуу күнү, аларды төлөө шарттары, пайыздык чен насыяны төлөө графиктеринде көрсөтүлөт, келишимдин 2.1 пунктуна ылайык, бардык транштардын жалпы суммасы Банк тарабынан бекитилген суммадан ашпоого тийиш. | 2.2.1. В этом случае размер суммы каждого получаемого транша, дата получения, сроки их погашения, процентная ставка, указываются в графиках погашения кредита, при этом совокупная сумма всех траншей не должна превышать одобренную Банком сумму, указанную в п.2.1. договора. |
| 2.2.2. Ар бир кийинки транш Насыя алуучу тарабынан мурунку транштын максаттуу пайдаланылышы документалдуу ырасталгандан кийин берилет. Ар бир алынган транш үчүн насыяны төлөөнүн өзүнчө графиги түзүлөт. | 2.2.2. Каждый последующий транш предоставляется после документального подтверждения Заемщиком, целевого использования предыдущего транша. На каждый полученный транш, составляется отдельный график погашения кредита. |
| 2.2.3. Келишимдин (кайра каржылоо) 2.2 п.ылайык берилген насыяны Насыя алуучу максатсыз пайдаланган учурда, Банк беш жумушчу күн ичинде жазуу жүзүндөгү билдирүү аркылуу, бир | 2.2.3. В случае нецелевого использования Заемщиком кредита, выданный в соответствии с п.2.2. |

| | |
|---|---|
| тараптуу тартипте, келишимдин 2.10 пунктунда көрсөтүлгөн насыя боюнча пайыздык ченди Банк тарабынан белгиленген максималдуу суммага чейин көтөрүүгө укуктуу. | приложения к договору (рефинансирование), Банк вправе в одностороннем порядке, путем письменного уведомления за пять рабочих дней увеличить процентную ставку по кредиту указанную в п.2.10 договора, до максимального размера, установленного в Банке. |
| 2.2.4. Насыя алуучу өзүнүн милдеттерин так аткарбагандыгы жөнүндө тастыкталган маалымат Банкка түшсө, бул бөлүмдө көрсөтүлгөн насыялар боюнча, кийинки насыяларды берүүдөн баш тартууга укуктуу. | 2.2.4. Банк вправе отказать в выдаче последующих траншей, по кредитам предусмотренных настоящим разделом, если у Банка будут любые достоверные данные о возможном ненадлежащем исполнении Заемщиком своих обязательств. |
| **3. ТАРАПТАРДЫН УКУКТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ** | **3. ПРАВА И ОБЯЗАННОСТИ СТОРОН** |
| 3.1. **Насыя алуучу төмөнкүлөргө укуктуу:** | 3.1. **Заемщик вправе:** |
| 3.1.1. Кредиттик келишимге кол коюлган учурдан тартып, акча каражаттарын алганга чейин насыяны алуудан баш тартууга. Мында банк кардардан арызды карoo үчүн белгиленген тариф боюнча комиссия алууга укуктуу. | 3.1.1. На безвозмездной основе отказаться от получения кредита с момента подписания кредитного договора до момента получения денежных средств. В этом случае банк вправе взимать с клиента комиссию по установленному тарифу за рассмотрение заявки. |
| 3.1.2. Кредитти толугу менен же бөлүп-бөлүп кайсы убакта болбосун эч кандай комиссиясыз, айыптык санкцияларсыз жана башка төлөмдөрсүз мөөнөтүнөн мурда төлөө. Керектөө кредитин толук же жарым-жартылай мөөнөтүнөн мурда тындыруу учурунда банк карыз алуучунун милдеттенмелерин кайра эсептөөгө, төлөмдөрдүн графигин жана негизги карыздын азайтылган суммасына пропорциялуу төлөнүүгө тийиш болгон пайыздардын жалпы суммасын (кошуп эсептелген сумманы) | 3.1.2. На досрочное погашение кредита полностью или по частям в любое время без каких-либо комиссий, штрафных санкций и иных платежей. В случае полного или частичного досрочного погашения потребительского кредита, банк обязан произвести перерасчет обязательств Заемщика, скорректировать график платежей и общую сумму процентов (наценки), подлежащих уплате, пропорционально уменьшенной сумме основного долга. Подтверждение об изменении или полном исполнении обязательств предоставляется Заемщику в письменной или |

| | |
|---|---|
| корректировкалоого милдеттүү. Милдеттенменин өзгөргөндүгү же толук аткарылгандыгы жөнүндө ырастоо карыз алуучуга анын талабы боюнча макулдашылган мөөнөттө, бирок беш жумушчу күндөн ашпаган жазуу жүзүндө же электрондук формада берилет | электронной форме по его требованию в согласованный срок, но не превышающий пяти рабочих дней; |
| 3.1.3. Келишимге кол коюудан мурун, ага тиркелген бардык документтер менен келишимдин долбоорун алуу зарыл, жана банктан тышкары жерде юридикалык кеңеш алуу, мында кардарга келишим менен таанышуу үчүн берилген убакыт бир күндөн кем эмес, бирок үч күндөн ашпоого тийиш. | 3.1.3. До момента подписания договора получить на руки проект договора со всеми прилагаемыми к нему документами и обратиться за юридической консультацией за пределами банка, при этом время, предоставляемое клиенту на ознакомление с договором должно быть не менее одного дня, но не более трех дней. |
| 3.1.4. Кийинчерээк насыяны реструктуризациялоо өтүнүчү менен банкка кайрылуу, ошондой эле эгерде насыянын негизги суммасынын 50%нан ашыгы төлөнсө, учурдагы күрөөнүн ордуна эки тарапка тең туура келген башка күрөөнү берүү, эгерде,ички документтерге ылайык, анын наркы насыянын калган бөлүгүн жаба алса. Мындай учурда комиссия жана башка төлөмдөр төлөнбөйт. | 3.1.4. Обратиться к банку в последующем с просьбой о реструктуризации кредита, а также в случае, если более 50% от основной суммы кредита погашено, предоставить взамен имеющегося залога другой залог, приемлемый для обеих сторон, стоимость которого покрывает оставшуюся сумму задолженности по кредиту в соответствии с внутренними документами банка. В этом случае комиссия и иные платежи не уплачиваются. |
| 3.1.5. Насыяны накталай түрдө же Банкта ачылган банк эсебине чегерүү менен алуу, Банкка насыяны накталай алуу үчүн комиссияны акцептсиз(талашсыз, кардарды эскертпестен) кармап алууга укук берүү. | 3.1.5. Получить кредит в наличной форме или путем зачисления его на свой банковский счет, открытый в Банке, предоставив Банку право без акцептном (бесспорном, без уведомления клиента) порядке удерживать комиссию за выдачу кредита в наличной форме. |
| 3.1.6. Мөөнөтү өтүп кеткен бир нече (бирден ашык) насыялар( анын ичинде бир же бир нече кредиттик линиялардын чегиндеги транштарды кошкондо) болгон учурда, кредиттик карызды | 3.1.6. Самостоятельно выбрать очередность распределения его денежных средств в соответствии с законодательством, направленных на погашение кредитной задолженности в случае наличия нескольких (более одного) просроченных кредитов (в том |

жабууга багытталган өз каражаттарын мыйзамга ылайык бөлүштүрүү тартибин өз алдынча тандоо.

3.1.7. алынган кредит жөнүндө, анын ичинде ал боюнча бардык чыгымдар мамлекеттик тилде жана кардар менен макулдашуу боюнча расмий тилде абсолюттук суммаларда, ошондой эле натыйжалуу пайыздык чен түрүндө ишенимдүү, толук жана кабыл алуу үчүн жеткиликтүү маалыматтарды алууга. Зарыл болсо, маалымат башка тилге которулушу мүмкүн.

3.1.8. Керектөө кредитин алууга байланыштуу камсыздандыруу келишимин түзүү же түзүүдөн баш тартуу, буга камсыздандыруунун милдеттүүлүгү Кыргыз Республикасынын камсыздандыруу чөйрөсүндөгү мыйзамдарында түздөн-түз каралган учурлар кирбейт.

**3.2. Насыя алуучунун милдеттери**

3.2.1. Келишимдин жана анын тиркемелеринин шарттарын бекем сактоо. Эгерде Банк насыянын максаттуу пайдаланышын текшерсе, ага бардык керектүү документтерди берүү.

3.2.2. Насыя алуу үчүн Банкта банк эсебин (мындан ары - Эсеп) ачуу. Эсеп ачуу шарттары жана Банк эсебиндеги акча каражаттарын пайдалануунун тартиби тиешелүү келишим менен жөнгө салынат.

3.2.3. Дарек, ишмердиктин түрү же башка маалыматтар өзгөргөн учурда, тиешелүү

числе траншей в рамках одной или нескольких кредитных линий).

3.1.7. получать достоверную, полную и доступную для восприятия информацию о получаемом кредите, включая все расходы по нему как в абсолютных суммах, так и в виде эффективной процентной ставки на государственном языке и по согласованию с клиентом на официальном языке. При необходимости информация может быть переведена на другой язык.

3.1.8. Заключить или отказаться от заключения договора страхования в связи с получением потребительского кредита, за исключением случаев, когда обязательность страхования прямо предусмотрена законодательством Кыргызской Республики в сфере страхования.

**3.2. Заемщик обязуется**

3.2.1. Строго соблюдать условия договора и его приложений. В случае проверки Банком целевого использования кредита, предоставить ему все необходимые для этого документы.

3.2.2. Для получения кредита, открыть в Банке банковский счет (далее по тексту: Счет). Условия открытия Счета и порядок использования денежных средств, находящихся на Банковском счету, регулируется соответствующим договором.

3.2.3. При изменении адреса, вида деятельности или других данных, в течение 3-х дней письменно сообщить об этом Банку с приложением соответствующих документов.

документтерди тиркөө менен 3 күндүн ичинде Банкка жазуу жүзүндө билдирүү.

3.2.4. Насыя алуучу насыяны максаттуу пайдалангандыгын тастыктаган финансылык отчётту жана /же башка финансылык документтер менен анын же анын үй-бүлө мүчөлөрүнүн башка финансы-кредиттик мекемелерде насыяларынын бар экендиги, ошондой эле алардын кредиттик тартипти сактоосу жөнүндө маалыматтарды алты айда бир жолу банкка берүү.

3.2.5. Патенттин мөөнөтү аяктагандан кийин (эгерде бар болсо) анын колдонуу мөөнөтүн узартуу (же жаңы мөөнөткө патент алуу) жана аны Банкка көрсөтүү.

3.2.6. Келишим банк тарабынан мөөнөтүнөн мурда бузулган учурда,насыяны, пайыздарды жана ага чегерилген айыптарды 14 календардык күндүн ичинде толугу менен төлөп берүү.

3.2.7. Кредиттик каражаттарды үчүнчү жактарга бербөөгө жана зарыл болгон учурда Банкка анын талабы боюнча башка маалыматтарды жана документтерди берүүгө.

3.2.8. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган өз салыктарын жана башка милдеттүү төлөмдөрдү өз убагында жана толук көлөмдө төлөө. Зайымчыга аталган милдетти аткарбаган учурда салык органы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык мындай карыздын суммасын анын банктагы эсептериндеги акча

3.2.4. Не реже чем один раз в полгода предоставлять Банку финансовую отчетность и/или другие финансовые документы, подтверждающие использование заемщиком кредита по целевому назначению и информацию о наличии кредитов у него или у членов его семьи в других финансово-кредитных учреждениях, а также информацию о соблюдении ими кредитной дисциплины.

3.2.5. По окончании срока действия патента (при наличии), продлить срок его действия (или получить патент на новый срок) и предъявить его в Банк.

3.2.6. В случае досрочного расторжения договора со стороны Банка, осуществить полное погашение кредита, процентов и начисленных штрафов по нему, в течение 14 календарных дней после расторжения.

3.2.7. Не передавать кредитные средства третьим лицам и при необходимости представить Банку иные сведения и документы по его запросу.

3.2.8. Своевременно и в полном объеме уплачивать свои налоги, и иные обязательные платежи, предусмотренные законодательством Кыргызской Республики. Заемщику разъяснено, что в случае неисполнения указанной обязанности налоговый орган в соответствии с законодательством КР вправе взыскать сумму такой задолженности за счет денежных средств, находящихся на его счетах в Банке.

| | |
|---|---|
| каражаттарынын эсебинен өндүрүп алууга укуктуу экендиги түшүндүрүлдү.<br><br>**3.3. Банк төмөнкүлөргө укуктуу:**<br><br>3.3.1. Насыя алуучудан келишим боюнча өз милдеттенмелерин талаптагыдай аткарууну талап кылуу. Келишимдин кандайдыр бир шарттары бузулган учурда, анын ичинде насыя алууда жалган маалымат берилгенде, келишимди бир тараптуу бузуу.<br><br>3.3.2. Насыянын максаттуу пайдаланышын көзөмөлгө алуу, ошондой эле Банктын ички жол-жоболоруна ылайык, мезгил-мезгили менен Насыя алуучунун бизнесине жана күрөөлүгүнө (эгерде бар болсо) мониторинг жүргүзүү. Эгерде насыяны максатсыз пайдалануу фактысы аныкталса, Банк насыянын калдыгын мөөнөтүнөн мурда жабууну жана /же насыя боюнча пайыздык ченди (насыя алынган күндөн тартып) Банк тарабынан белгиленген максималдуу суммага чейин жогорулатууну талап кылууга укуктуу.<br><br>3.3.3. Тараптардын ортосунда талаш-тартыштар келип чыккан учурда, Банк өз кызыкчылыктарын коргоо максатында, ошондой эле мыйзамда каралган башка учурларда Насыя алуучу жөнүндө банктык сырды түзгөн маалыматтарды сот тартибинде ачыкка чыгарууга укуктуу.<br><br>3.3.4. Эгерде Насыя алуучунун эки же андан ашык катар насыялары болсо, бир эсеби боюнча ашыкча төлөм болуп, экинчисинде төлөмдөр жетишпесе, анын жазуу жүзүндөгү макулдугусуз | **3.3. Банк вправе:**<br><br>3.3.1. Требовать от Заемщика надлежащего исполнения им обязательств по договору. В случае нарушения любого из условий договора, в том числе за предоставление им не достоверных сведений при получении кредита, в одностороннем порядке расторгнуть договор.<br><br>3.3.2. Контролировать целевое использование кредита, а также периодически, в соответствии с внутренними процедурами Банка, осуществлять мониторинг бизнеса Заемщика и залога (при наличии). В случае выявления факта нецелевого использования кредита, Банк вправе потребовать досрочного погашения остатка кредита и/или увеличить процентную ставку по кредиту (со дня получения кредита) до максимального размера, установленного в Банке.<br><br>3.3.3. В случае возникновения споров между сторонами, Банк в целях защиты своих интересов, а также в других случаях, предусмотренных законодательством, вправе обнародовать в суде сведения о Заемщике составляющие банковскую тайну.<br><br>3.3.4. При наличии у Заемщика двух или более параллельных кредитов, без письменного согласия заемщика производить корректировки по кредитным счетам Заемщика, в случае возникновения переплаты по одному и недоплаты по другому счету.<br><br>3.3.5. В случае неисполнения или ненадлежащего исполнения Заемщиком своих обязательств по договору, Заемщик предоставляет Банку право |

Насыя алуучунун кредиттик эсебине оңдоолорду киргизүүгө.

3.3.5. Насыя алуучу келишим боюнча өз милдеттенмелерин аткарбаган же талаптагыдай аткарбаган учурда, Насыя алуучу банкка карыздын суммасын, анын ичинде айыптык чыгымдарды өзүнүн болгон эсептеринен акцепсиз(талашсыз, кардарга билдирбестен) чыгаруу укугун берет. Мындай учурларда акча каражаттарын акцепсиз(талашсыз, кардарга эскертпестен) эсептен чыгаруу келишимди бузууга алып келбейт. Мындан тышкары, Банк насыя алуучудан насыяны төлөөнүн экинчи булактарынын (күрөө,кепилдик) эсебинен насыянын мөөнөтү аяктаганга чейин да, андан кийин да өз милдеттенмелерин аткарууну талап кылууга укуктуу.

3.3.6. Насыя алуучу насыяны төлөө графигине ылайык, өзүнүн Кредиттик же Банктык эсеби аркылуу төлөйт. Бул максаттар үчүн Банк Насыя алуучунун эсебинен төлөмдөрдүн зарыл болгон суммасын акцепсиз (кардарга эскертпестен) алып салууга, ошондой эле кайра кайтарылган каражаттарды банк тарабынан белгиленген коммерциялык алмашуу курсу боюнча кредиттик валютага конвертациялоого укуктуу.

**3.4. Банк төмөнкүлөргө милдеттүү:**

3.4.1. Насыя алуучунун талабы боюнча 3 жумушчу күндүн ичинде ага насыяны алгандыгы жана анын кредиттик тартипти сактоосу жөнүндө

без акцептном (бесспорном, без уведомления клиента) порядке списывать сумму задолженности, включая неустойки, с любых счетов Заемщика, открытых в Банке. В указанных случаях без акцептное (бесспорном, без уведомления клиента) списание денежных средств не влечет расторжения договора. Кроме этого Банк вправе требовать от Заемщика исполнения своих обязательств за счет вторичных источников погашения кредита (залог, поручительство), как до истечения, так и после истечения срока кредита.

3.3.6. Погашение кредита, Заемщик осуществляет через свой Кредитный или Банковский счет, согласно графика платежей. В этих целях Банк вправе без акцептном (бесспорном, без уведомления клиента) порядке списывать со счета Заемщика, необходимую сумму выплат, а также производить конвертацию погашаемых денежных средств, в валюту кредита по установленным Банком коммерческим курсам валют, на момент конвертации.

**3.4. Банк обязан:**

3.4.1. В течение 3-х рабочих дней по запросу Заемщика предоставить ему информацию о получении им кредита и о соблюдении им кредитной дисциплины, для предоставления ее в другое финансово-кредитное учреждение.

3.4.2. Прекратить начисление неустойки (штрафов пени) по истечении 15 дней с момента

маалыматты башка финансы-кредиттик мекемеге берүү.

3.4.2. Насыя боюнча күрөө предметине өндүрүп алуу жол-жобосу башталгандыгы жөнүндө билдирүү жөнөтүлгөн күндөн тартып 15 күн өткөндөн кийин туумдарды (айып пулдарды, туумдарды) эсептөөнү токтотуу.

3.4.3. Эгерде келишимди камсыздоо катары күрөө предмети (эгерде бар болсо) коом үчүн олуттуу тарыхый, көркөм же башка маданий баалуулукка ээ болсо, же жеке жактын менчигинде турган жалгыз турак жай болсо, банк күрөө предметинен сот аркылуу гана өндүрүп алууну жүзөгө ашырат.

## 4. АЙЫП ПУЛ

4.1. Насыя өз убагында төлөнбөгөн учурда, Насыя алуучу(жеке жак же жеке ишкер) Банкка келишимдин 2.13-пунктунда көрсөтүлгөн суммада кечиктирилген ар бир күн үчүн мөөнөтү өтүп кеткен төлөмдүн суммасынан туум (айып) төлөйт. Мында насыянын бүткүл мезгили үчүн чегерилген туумдардын (айып пулдардын, туумдардын) суммасы берилген насыянын суммасынын 10 пайызынан ашпоого тийиш.

4.2. Төлөмдөрдүн убагында төлөнбөгөнү үчүн бардык айыптар карыз пайда болгон учурдан тартып эсептелет. Насыя алуучунун өз милдеттенмелерин аткаруу үчүн каражаттары жетишсиз болгон учурда, бардык төлөмдөр төмөнкүдөй тартипте эсептелет: негизги сумма; акчалай милдеттенменин аткарылышын алуу боюнча чыгымдар; пайыздар; айып пулдар.

направления извещения о начале процедуры обращения взыскания на предмет залога по кредиту.

3.4.3. Если предмет залога как обеспечение к договору (при его наличии) имеет значительную историческую, художественную или иную культурную ценность для общества, либо является единственным жильем, принадлежащим на праве собственности физическому лицу, банк обращает взыскания на предмет залога исключительно через суд.

## 4. НЕУСТОЙКА

4.1. При несвоевременном погашении кредита, Заемщик (физическое лицо или индивидуальный предприниматель) выплачивает Банку неустойку (штраф) от суммы просроченного платежа за каждый день просрочки в размере, указанном в п.2.13 договора. При этом размер неустойки (штрафов, пени), начисленный за весь период действия кредита, не должен превышать 10 процентов от суммы выданного кредита.

4.2. Все штрафные санкции за просрочку платежей, начисляются с момента возникновения задолженности. В случае недостаточности средств Заемщика для исполнения своих обязательств, все платежи будут засчитываться в следующей очереди: основная сумма; издержки по получению исполнения денежного обязательства; проценты; штрафные санкции.

## 5. ДОПОЛНИТЕЛЬНЫЕ УСЛОВИЯ

5. **КОШУМЧА ШАРТТАР**

5.1. Насыя же анын траншы берилген күн Насыя алуучунун эсебине акча каражаттарын чегерүү күнү болуп эсептелет, ал эми насыяны же анын бир бөлүгүн кайтарып берүү Насыя алуучунун эсебинен Банктын эсебине акча каражаттарын чегерген күн болуп эсептелет.

5.2. Насыя боюнча пайыздар ал берилген күндөн тартып чегерилет жана Насыяны төлөөнүн алдындагы күнү бүтөт.

5.3. Насыя боюнча пайыздарга салыктар кирбейт, алар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык Насыя алуучудан өзүнчө кармалат.

5.4. Насыя алуучу өзүнүн бизнесинин тийиштүү түрдө катталгандыгына, анын террористтик же кылмыштуу кирешелерди легализациялоого байланышкан башка кылмыштуу аракеттерге тиешеси жок экендигине кепилдик берет жана көзөмөлдөө максатында Банкка бенефициарды аныктоо үчүн кошумча маалыматтарды же документтерди берүүгө милдеттенент.

5.5. Эгерде Төлөм графигиндеги төлөм майрам же дем алыш күндөрүнө туура келсе, төлөм биринчи жумушчу күндөн кечиктирбестен жүргүзүлүүгө тийиш. Эгерде мындай төлөм биринчи жумуш күнүндө жүргүзүлбөсө, айыптык төлөм Төлөм графигинде көрсөтүлгөн төлөө күнүнөн тартып эсептелет.

5.6. Тараптар келишимде жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурлардан тышкары, насыя жөнүндө бардык

5.1. Датой выдачи кредита или его транша, считается дата зачисления средств на счет Заемщика, а датой погашения кредита или ее части, считается день зачисления средств со Счета Заемщика на счета Банка.

5.2. Начисление процентов по кредиту производится со дня ее выдачи и заканчивается днем, предшествующим погашению Кредита.

5.3. Проценты по кредиту не включают налоги, они отдельно удерживаются с Заемщика в соответствии с законодательством КР.

5.4. Заемщик, гарантирует, что его бизнес надлежаще зарегистрирован, он не связан с террористической или иной преступной деятельностью связанных с «отмыванием денег» и в целях контроля обязуются предоставить в Банк дополнительную информацию или документы для идентификации конечного выгодоприобретателя.

5.5. Если платеж в Графике погашения выпадает на праздничный или выходной день, погашение должно быть не позднее первого рабочего дня. Если такой платеж не будет произведен в первый рабочий день, то штраф будет рассчитан, начиная со дня погашения, указанного в Графике платежей.

5.6. Стороны устанавливают, что вся информация о кредите по договору является конфиденциальным, и не должна разглашаться, кроме случаев, указанных в договоре и предусмотренным законодательством КР.

5.7. При наступлении обстоятельств непреодолимой силы (форс-мажор), которые негативно повлияли на платежеспособность Заемщика, стороны

| | |
|---|---|
| маалыматтар купуялуу экендигин жана ачыкка чыгарылбашы керектигин келишимде белгилешет.<br>5.7. Насыя алуучунун төлөө жөндөмдүүлүгүнө терс таасирин тийгизген форс-мажордук жагдайлар келип чыккан учурда, тараптар өз ара алгылыктуу чечимди жазуу жүзүндө макулдашууга милдеттенишет.<br>5.8. Макулдашууга жетишилбеген учурда, бардык талаш-тартыштар Банктын жайгашкан жери боюнча Бишкек шаарынын райондук сотунда же Банктын филиалы жайгашкан жердеги сотто каралууга тийиш.<br>5.9. Насыя алуучу Келишим боюнча өз милдеттенмелерин аткарбаган же тийиштүү түрдө аткарбаган учурда, Банк ошондой эле Насыя алуучунун жашаган жериндеги же Банктын же Банктын филиалынын жайгашкан жериндеги нотариуска нотариалдык буйрук берүү жөнүндө арыз берүүгө укуктуу.<br>5.10. Келишимге кол коюу менен Насыя алуучу Банк тарабынан каржыланбаган иш-чаралардын тизмеси менен таанышканын ырастайт жана бул иш менен алек эмес экендигин ырастайт. Мындан тышкары, Насыя алуучу келишимдин жана кредиттик линия келишиминин (эгерде бар болсо) бардык шарттары менен таанышканын, келишимдин шарттарын түшүнөөрүн жана алар менен макул экендигин, ошондой эле келишим боюнча өзүнө алган милдеттенмелерди аткарбоо же талаптагыдай аткарбоо кесепеттерин түшүндүрүү үчүн аны менен маектешүү өткөрүлгөндүгүн ырастайт. | обязуются письменно согласовать взаимоприемлемое решение.<br>5.8. В случае не достижения договоренности, все споры подлежат рассмотрению в районном суде города Бишкек по месту нахождения Банка или в суде по месту нахождения филиала Банка.<br>5.9. В случае не исполнения или не надлежащего исполнения Заемщиком своих обязательств по Договору, Банк также вправе подать заявление о вынесении нотариального приказа нотариусу, по месту жительства Заемщика, либо по месту нахождения Банка или филиала Банка.<br>5.10. Заемщик, подписывая договор, подтверждает об ознакомлении со списком нефинансируемых Банком видов деятельности и подтверждает, что он не занимается данными видами деятельности. Кроме этого, Заемщик подтверждает об ознакомлении со всеми условиями договора и соглашения о кредитной линии (при его наличии), условия договора ему понятны, и он согласен с ними, а также о проведении с ним собеседования с разъяснением ему последствий неисполнения или ненадлежащего исполнения принятых им обязательств по договору.<br>5.11. Банк, в соответствии с требованиями законодательства КР обязан использовать данные Заемщика и предоставлять имеющиеся у него кредитную информацию в существующие кредитные бюро с согласия Заемщика, за исключением случаев, когда предоставляется кредитная информация о неисполнении |

| | |
|---|---|
| 5.11. Банк, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык, Карыз алуучунун маалыматтарын колдонууга жана Карыз алуучунун макулдугу менен колдо болгон кредиттик маалыматты иштеп жаткан кредиттик бюролорго берүүгө милдеттүү, бирок Карыз алуучунун келишимдик милдеттенмелерди аткарбагандыгы (мөөнөтү өтүп кеткен карыз) жөнүндө кредиттик маалымат берилген учурларды кошпогондо.<br>5.12. Келишимге жана анын тиркемелерине бардык өзгөртүүлөр, эгерде алар жазуу жүзүндө киргизилсе, жарактуу болуп саналат.<br><br>**6. "ТОВАРЫ В РАССРОЧКУ", ТОВАРЫ В КРЕДИТ" ЖАНА "КРЕДИТЫ ЖЕНЩИНАМ" КРЕДИТТИК ПРОДУКТЫЛАРДЫН КЕЛИШИМДИН КОШУМЧА ШАРТТАРЫ.**<br>6.1. "Товары в рассрочку" кредиттик продуктысы боюнча:<br>6.1.1. Бул кредиттик продуктыларга ылайык, Карыз алуучу Банктын Өнөктөшүнөн Товарларды алат, ал эми Зайымчы алган Товарлар үчүн акча каражаттары банк тарабынан Өнөктөшкө которулат.<br>6.1.2. Ушул келишимге кол коюу менен, Банк Өнөктөшкө каражаттардын которулганын, ал эми Карыз алуучу Өнөктөштөн Товарлардын алынганын тастыктайт.<br>6.1.3. Кредиттик каражаттардын эсебинен сатып алынган Товарды Насыя алуучу кайтарып берген учурда (Келишимдин 1.1. пункту), Насыя алуучу1 (бир) календардык күндүн ичинде 4400 кыска | Заемщиком договорных обязательств (просроченной задолженности).<br>5.12. Все изменения к договору и его приложениям действительны, если они совершены в письменной форме.<br><br>**6. ДОПОЛНИТЕЛЬНЫЕ УСЛОВИЯ ДОГОВОРА ПО КРЕДИТНЫМ ПРОДУКТАМ «ТОВАРЫ В РАССРОЧКУ», «ТОВАРЫ В КРЕДИТ» И «КРЕДИТЫ ЖЕНЩИНАМ»**<br>5.13. По кредитному продукту «Товары в рассрочку» И «Товары в кредит»<br>6.1.1. По данным кредитным продуктам Заемщик получает от Партнера Банка Товар/ы, а денежные средства за полученный Заемщиком Товар, перечисляется банком Партнеру.<br>6.1.2. Подписанием настоящего договора, Банк подтверждает перечисление денежных средств Партнеру, а Заемщик подтверждает получение Товара от Партнера.<br>6.1.3. В случае возврата Заемщиком Товара, приобретенного за счет кредита (п.1.1. Договора), Заемщик обязуется в течение 1 (одного) календарного дня уведомить Банк о возврате Товара по короткому телефонному номеру 4400.<br>5.14. По кредитному продукту «Кредиты женщинам» |

| | |
|---|---|
| телефону боюнча Банкка Товардын кайтарылгандыгы жөнүндө билдирүүгө милдеттенет.<br>6.2. “Кредиты женщинам” кредиттик продуктысы боюнча:<br>Эгерде Кредит алуучу кредитти төлөө боюнча өзүнүн милдеттенмелерин талаптагыдай аткарса, Банк кредиттин мөөнөтү аяктагандан кийин, Банкта ачылган Кардардын банк эсебине чегерүү жолу менен ушул Келишим боюнча чегерилген жана төлөнгөн пайыздардын 4% кайтарып берет. Бул пунктка Кредит алуучу, кредиттин баштапкы мөөнөтү аяктаганга чейин, кредиттин 75% мөөнөтүнөн мурда төлөп берген учурлар кирбейт. Кредит алуучунун ушул пункт боюнча милдеттенмелерин талаптагыдай аткаруусу Банк тарабынан анын ички документтеринин негизинде аныкталат. | При надлежащем исполнении Заемщиком своих обязательств по выплате кредита, Банк, после окончания срока кредита, возвращает Заемщику 4 % от суммы начисленных и выплаченных Заемщиком процентов по настоящему договору, путем зачисления их на банковский счет Заемщика, открытый в банке. Исключением из данного пункта составляют случаи, когда Заемщик производит досрочное погашение кредита до истечения 75% от первоначального срока кредита. Надлежащее исполнение Заемщиком своих обязательств, по настоящему пункту, будет определяться Банком на основании его внутренних документов. |

**Приложение №2 к Кредитному Договору**

ПЕРЕЧЕНЬ

расходов (платежей) клиентов и штрафных санкций

**Расходы (платежи) клиента по кредиту**

<table>
<tr><td>Заемщик (Ф.И.О)</td><td colspan="2">Указано в Кредитном договоре</td></tr>
<tr><td colspan="2">Общая сумма кредита</td><td>Указана в Кредитном договору</td></tr>
<tr><td colspan="2">Годовая процентная ставка</td><td>Указана в кредитном договору и в графике платежей</td></tr>
<tr><td colspan="2">Комиссия за выдачу наличных кредитных средств че-рез кассу (удерживается Банком автоматически, один раз при выдаче кредита), в % и в абсолютном значении</td><td>Указано в графике платежей</td></tr>
<tr><td colspan="2">Годовая эффективная процентная ставка (носит информационный характер и не используется в целях начисления процентов по кредиту)</td><td>Указана в в графике платежей</td></tr>
<tr><td colspan="3">Проценты Банка указанные в Кредитном договоре и в настоящем Приложении к Кредитному договору, указаны без учета налога с продаж (далее:НсП). НсП взимаются Банком дополнительно в соответствии с действующим законодательством Кыргызской Республики.</td></tr>
<tr><td rowspan="7">Платежи в пользу третьих лиц (плата за услуги страхования, нотариуса, Государственной регистрационной службы при Правительстве КРи др.)</td><td colspan="2">Примерные нормы расходов, при их наличии на 1 единицу предмета залога</td></tr>
<tr><td>Оплата за услуги нотариуса по удостоверению договора, наложению и снятию запрещения</td><td>от 900 до 1200 сом</td></tr>
<tr><td>Расходы по оформлению залога в нотариальной конторе по кредитам для целей сельского хозяйства</td><td>от 300 до 350 сом</td></tr>
<tr><td>Расходы по оформление залога движимого имущества в отделе регистрации залогов Мини-стерства юстиции</td><td>от 330  до 350 сом</td></tr>
<tr><td>Расходы по оформлению и переоформлению залога в Госрегистре</td><td>от 700 до 950 сом</td></tr>
<tr><td>Расходы по оформление залога в ОБДД</td><td>нет</td></tr>
<tr><td>Другие расходы</td><td>нет</td></tr>
</table>

| | Итого платежи в пользу третьих лиц | |
|---|---|---|
| **Штрафные санкции и пени Банка** | | |
| За просрочку оплаты платежей по основной сумме долга и по процентам | | Указано в кредитном договоре |
| Условия расторжения кредитного договора после получения денежных средств | | При неисполнении или ненадлежащего исполнения Заемщиком своих обязательств. |
| **Данные по комиссии и расходам клиента по услугам банка, включая НсП (комиссии удерживаются согласно тарифам, действующим на момент обращения клиента), за исключением кредитов по программам льготного кредитования** | | |
| **Услуги банка** | | **Тарифы** |
| Комиссия за досрочное погашение кредита без предварительного письменного уведомления клиента за 30 календарных дней до даты погашения | | отсутствует |
| Комиссия за временное предоставление оригиналов правоустанавливающих документов на недвижимость | | 500 сом за каждую ед.недвижимости |
| Комиссия за изменение условий договора по заявлению клиента, за исключением случаев реструктуризации кредита, в соответствии с требованиями НБКР:<br>1. за изменение валюты, срока кредита, процентной ставки, перенос даты выплаты, (кроме рестр-ции)<br>2. за право предоставления залога второй очереди | | 500 сом<br><br>1% от остатка по основной сумме кредита (минимум 1 500 сом) |
| Изменение условий договора (Составление нового графика погашения в связи с частичным досрочным погашением кредита) | | 500 сом |
| Замена/частичное освобождение залогового обеспечения (движимое имущество),при условии, если задолженность по основной сумме кредита составляет более 50%. | | 500 сом |
| Замена/частичное освобождение залогового обеспечения (недвижимое имущество). При условии, если задолженность по основной сумме кредита составляет более 50%. | | 500сом – для кредитов с суммой до пятисот тысяч включительно (эквивалент в ин.валюте). |

| | |
|---|---|
| | 1500сом – для кредитов с суммой свыше пятисот тысяч сом (эквивалент в ин.валюте). |
| Предоставление справки об отсутствии долга | 150 сом |
| Предоставление справки о наличии задолженности (1 раз в месяц – бесплатно) | 150 сом |
| Предоставление других справок | 150 сом |
| Единовременный платеж за проверку в Кредитном Бюро за одну заявку (независимо от количества участников) | 90 сом |
| Регистрация залога в министерстве юстиции, внесение изменений в зарегистрированный залог | 30 сом |
| Выдача информации из Единого государственного реестра прав требования на движимое имущество в отделе регистрации залогов в Министерстве юстиции | 20 сом |

**Кредиттик келишимге № 2 Тиркеме**

Кардарлардын чыгымдары (төлөмдөрү) жана айыптарынын

ТИЗМЕСИ

**Кардардын насыя боюнча чыгашалары (төлөмдөрү).**

| | |
|---|---|
| **Насыя алуучу (толук аты-жөнү)** | Кредиттик келишимде көрсөтүлгөн |
| Насыянын жалпы суммасы | Кредиттик келишимде көрсөтүлгөн |
| Жылдык пайыздык чен | Кредиттик келишимде жана төлөмдөрдүн графигинде көрсөтүлгөн |
| Касса аркылуу накталай кредиттик каражаттарды берүү үчүн комиссия (банк тарабынан автоматтык түрдө, насыя берилгенде бир жолу кармалат), % менен жана абсолюттук мааниде | Кредиттик келишимде көрсөтүлгөн |
| Жылдык эффективдүү пайыздык чен (маалыматтык максатта гана жана насыя боюнча пайыздарды эсептөө үчүн колдонулбайт) | Кредиттик келишимде көрсөтүлгөн |

Кредиттик келишимде жана Кредиттик келишимге ушул Тиркемеде көрсөтүлгөн Банктын пайыздык чендери сатуудан алынуучу салыкты (мындан ары: САС) эсепке албаганда көрсөтүлгөн. САС Банк тарабынан Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык кошумча алынат.

| | | |
|---|---|---|
| **Үчүнчү жактардын пайдасына төлөмдөр (камсызданды руу кызматтары үчүн жыйымдар, нотариалдык кызматтар, Кыргыз Республикасы нын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик** | **Болжолдуу чыгашалардын нормалары, эгерде бар болсо күрөөнүн 1 бирдигине** | |
| | Келишимди күбөлөндүрүү, тыюу салуу жана алып салуу үчүн нотариалдык кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөм | 900дөн 1200 сомго чейин |
| | Айыл чарба багытындагы насыялар боюнча нотариалдык конторааларда күрөөнү каттоого кеткен чыгымдар | 300дөн 350 сомго чейин |
| | Юстиция министрлигинин күрөөнү каттоо бөлүмүндө кыймылдуу мүлк күрөөсүн каттоого кеткен чыгымдар | 330дан 350 сомго чейин |
| | Мамлекеттик реестрде күрөө предметин каттоого жана кайра каттоого кеткен чыгымдар | 700дөн 950 сомго чейин |
| | ЖКККде күрөөнү каттоого кеткен чыгымдар | жок |
| | Башка чыгымдар | жок |

| | | |
|---|---|---|
| **каттоо кызматы ж.б.).** | **Үчүнчү жактардын пайдасына жалпы төлөмдөр** | |
| **Банктык туумдар жана айыптык санкциялар** | | |
| Негизги карызды жана пайыздарды өз убагында төлөбөгөндүгү үчүн | | Кредиттик келишимде көрсөтүлгөн |
| Акча каражаттарын алгандан кийин кредиттик келишимди бузуунун шарттары | | Насыя алуучу тарабынан милдеттенмелер аткарылбаган же талаптагыдай аткарылбаган учурда. |
| **Кардардын комиссиясы жана банктык кызмат көрсөтүүлөр үчүн чыгашалары, анын ичинде СТС (комиссиялар кардардын өтүнүчү боюнча колдонулуп жаткан тарифтерге ылайык кармалат) жөнүндө маалыматтар, жеңилдетилген кредиттөө программалары боюнча насыяларды кошпогондо.** | | |
| **Банк кызматтары** | | **Тарифтер** |
| Кардарга алдын ала жазуу жүзүндөгү эскертүүсүз насыяны мөөнөтүнөн мурда жабуу үчүн комиссия, төлөө күнүнө 30 календардык күн калганда | | жок |
| Кыймылсыз мүлккө укук белгилөөчү документтердин түп нускасын убактылуу берүү үчүн жыйым | | Кыймылсыз мүлктүн ар бир бирдиги үчүн 500 сомдон |
| Кардардын талабы боюнча келишимдин шарттарын өзгөртүү үчүн комиссия, Улуттук банктын ЧУАга ылайык насыяны реструктуризациялоодон башка учурларда.<br><br>1. валютаны, кредиттин мөөнөтүн, пайыздык ченди өзгөртүү, төлөө күнүн которуу (реструктуризациялоодон тышкары)<br><br>2. Экинчи кезектеги күрөөнү берүү укугу үчүн | | <br><br><br><br>500 сом<br><br><br>Насыянын негизги суммасынын калдыгынан 1% (кеминде 1500 сом) |
| Кредиттик келишимдин шарттарын арттарын өзгөртүү (кредитти жарым-жартылай мөөнөтүнөн мурда жабууга байланыштуу төлөөнүн жаңы графигин түзүү) | | 500 сом |
| Күрөөнү (кыймылдуу мүлктү) алмаштыруу/жарым-жартылай бошотуу үчүн төлөм. Насыянын негизги суммасы боюнча карыз 50%дан жогору болгон шартта. | | 500 сом |

| | |
|---|---|
| Күрөөнү (кыймылсыз мүлктү) алмаштыруу/жарым-жартылай бошотуу үчүн төлөм. Насыянын негизги суммасы боюнча карыз 50%дан жогору болгон шартта. | 500 сом – беш жүз миңди кошкондо насыялар үчүн (чет өлкөлүк валютадагы эквиваленти). |
| | 1500 сом – беш жүз миң сомдон ашкан насыялар үчүн (чет өлкөлүк валютадагы эквиваленти). |
| Карызынын жоктугу жөнүндө маалым каттарды берүү үчүн төлөм | 150 сом |
| Карызы бар экендиги тууралуу маалымкат (айына 1 жолу – акысыз) | 150 сом |
| Башка маалым каттарды берүү үчүн төлөм | 150 сом |
| Кредиттик бюродо текшерүү үчүн бир жолку төлөм (катышуучулардын санына карабастан) | 90 сом |
| Күрөөнү Юстиция министрлигинде каттоо, катталган күрөөгө өзгөртүүлөрдү киргизүү | 30 сом |
| Юстиция министрлигинин Күрөөлөрдү каттоо департаментинде Кыймылдуу мүлккө карата доомattардын бирдиктүү мамлекеттик реестринен маалыматтарды берүү | 20 сом |